**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин (VII чакырылышы) кезектеги 11 сессиясы**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2022 – жылдын 18 – майы №11/38**

**Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын алдындагы “Кызыл-Кыя Тазалык” муниципалдык ишканасынын шаардын жана шаарга караштуу айылдардын аймагынан булганыч суюктуктарды, турмуш-тиричиликтин катуу чыгындыларын ташып чыгаруу, өздөрү ташып чыгаруу тарифтери жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 3-бөлүгүнө негиз, шаардык кеңештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги №23 протоколунун чечимин жана Кызыл-Кыя шаарынын “Кызыл-Кыя Тазалык” муниципалдык ишканасынын 2022-жылдын 27-апрелиндеги №73 кайрылуу катын эске алып, шаарды санитардык тазалоону, көрктөндүрүү жакшыртуу жана шаардын тазалыгын камсыз кылууга шарт түзүү максатында Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2022-жылдын 01-апрелиндеги 10-сессиясынын №10-32 токтомуна толуктоолор киргизилсин, турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу тарифтери төмөнкүдөй бекитилсин:

| **К-р №** | **Көрсөтүлүүчү кызматтардын аталышы** | **Шаардык кеңештин №28/122 токтому менен бекитилген тарифтер (сом менен)** | **30%дын кошула турган суммасы (сом менен)** | **Жогорулатылган тарифтер (сом менен)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Булганыч суюктуктарды (жидкие нечистоты) алып чыгууга 1м$^3$ Тиркеме №1 | 147 | 591-38 | 748-38 |
| 2 | Өздөрү алып чыкканда (самовывоз) 1м$^3$ | 31 | 83-76 | 84.76 |
| 3 | Тиркеме №2 | | | |

2. Катуу таштандыларды ташуунун көрсөткүчү (КТТ) №3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин ушул токтому шаардык “Мезгил Жарчысы” гезитине жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирди деп эсептелсин.

4. Кызыл-Кыя шаарынын мэриясына жана “Кызыл-Кыя Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчилигине, айыл башчыларына, кварталдык жана үй комитеттеринин төрагаларына шаардын жана шаарга караштуу калктуу конуштардын аймагынан турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылууга тарифтердин жогорулашы боюнча калк ичинде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча Ишкерлер, өнөр жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча жана Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**